Каралды
АК 2024 жылдын 4 июлундагы отуруму №9 протоколу
Бекитемин агенттиктин
Директору ______________ Бостонова П.З

**АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ**

Өткөрүлгөн тышкы баа берүүнүн жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссия 10 жумушчу күн ичинде Аккредитациялык агенттикке билим берүү уюмун жана программасын аккредитациялоо, шарттуу аккредитациялоо же аккредитацияга макулдугун бербөө тууралуу сунуштамалары бар корутундусун берет.

Корутунду жазуунун алдында эксперттик комиссиянын мүчөлөрү аккредитациялык процесстин жыйынтыктарын талкуулайт. Эксперттик комиссия өз корутундусунда МБСтин талаптарын, аккредитациянын минималдуу талаптарын, кызыккан тараптардын талаптарын аткаруусун баалап, тестирлөөнүн жыйынтыктарын эске алып жана алардын негизинде билим берүү уюмдары менен программалардын ишмердигин жакшыртуу боюнча сунуштарды түзүү менен билим берүү уюмуна жана программасына баа берет.

Бекитилген минималдуу талаптардын жана баалоочу критерийлердин негизинде минималдуу талаптарды аткаруусуна баа берүү эксперттик комиссия тарабынан аткарылат.

Эксперттик комиссия өз корутундусунда Аккредитациялык Кеңешке төмөнкү чечимдердин бирөөсүн сунуш кылат:

- минималдуу талаптарга дал келүү шартында билим берүү уюмун жана программаларын 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо тууралуу;
- минималдуу талаптарга туура келбеген 2 фактысы болгон учурда бул туура келбестиктерди жоюу талабын коюп, эскертүүлөр менен билим берүү уюмун жана программаларын 1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо (шарттуу) тууралуу;
- минималдуу талаптарга туура келбеген фактылары 2ден ашык болгон учурда билим берүү уюмун жана программаларын аккредитациялоого макулдук бербөө тууралуу.

Эксперттик комиссиянын корутундусу ыйгарымдуу органдын коллегиясында кароосу үчүн аны алган күндөн баштап, 30дан кем эмес календарлык күн ичинде берилет.

Эксперттик комиссиянын төрагасы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча «Сапаттуу билим» аккредитациялык агенттигинин Аккредитациялык Кеңеши (мындан ары - Аккредитациялык Кеңеш) өткөрүүчү жыйында чыгып сүйлөө менен билим берүү прграммасын аккредитациялоо тууралуу отчетун берет.

Аккредитациялоо, аккредитациялоого макулдук бербөө, программалык аккредитация жөнүндөгү күбөлүктөргө болгон пикирлер тууралуу чечим Аккредитациялык Кеңештин жыйынына катышкан анын мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү аркылуу жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

Эгерде программа «Сапаттуу билим» агенттигинин директорунун кызыкчылыктар чөйрөсүнө кирсе, анда Аккредитациялык Кеңештин жыйынына «Сапаттуу билим» агенттигинин директорунун орун басары катышат

Аккредитациялык Кеңеште билим берүү программалары кароодон өтүп жаткан билим берүү уюму билим берүү программасын аккредитациялоо тууралуу маселе каралып жаткан Аккредитациялык Кеңештин жыйынына өз өкүлүн жиберүүгө укугу бар.

Билим берүү уюмдары Аккредитациялык Кеңештин кезектеги жыйынын өткөрүү датасы жана орду тууралуу кабарды пландаштырылган жыйынды өткөрүү датасына чейин эки жумадан кем эмес мезгилдин ичинде алышы керек.

Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү алардын кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кирген билим берүү программаларын аккредитациялоо тууралуу маселе карала турган учурда добуш берүү укугуна ээ эмес, кызыкчылыктардын мүмкүн боло турган конфиликтилеринен качуу жана программаны ачык, адилеттүү талкуулоо үчүн алар жыйындар өтүлүүчү бөлмөдөн чыгып кетишет.

Аккредитациялык Кеңештин жыйыны анын курамынын жарымынан көбү катышкан учурда гана укуктук күчкө ээ болот. Чечим жыйынга катышкандардын жарымынан көбү ал үчүн добуш бергенде гана кабыл алынган катары эсептелинет.

Эксперттин же эксперттик комиссиянын билим берүү программаларды аккредитациялоого макулдук бербөө тууралу чечими менен макул болбогон учурда билим берүү уюму «Сапаттуу билим» агенттигинин Директорунун атына жазуу формасындагы арызын Аккредитациялык Кеңештин жыйынында билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча маселе каралганга чейин жыйынды өткөрүүнүн пландаштырылган күнүнөн мурда эки жумадан кем эмес убакыттын ичинде белгиленген тартипте бериши керек.

Аккредитация боюнча Аккредитациялык Кеңештин чечими Агенттиктин буйругу түрүндө жол-жоболонот.

Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү алардын кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кирген билим берүү программаларын аккредитациялоо тууралуу маселе карала турган учурда добуш берүү укугуна ээ эмес, кызыкчылыктардын мүмкүн боло турган конфиликтилеринен качуу жана программаны ачык, адилеттүү талкуулоо үчүн алар жыйындар өтүлүүчү бөлмөдөн чыгып кетишет.

Аккредитациялык Кеңештин жыйыны анын курамынын жарымынан көбү катышкан учурда гана укуктук күчкө ээ болот. Чечим жыйынга катышкандардын жарымынан көбү ал үчүн добуш бергенде гана кабыл алынган катары эсептелинет.

Эксперттин же эксперттик комиссиянын билим берүү программаларды аккредитациялоого макулдук бербөө тууралу чечими менен макул болбогон учурда билим берүү уюму «Сапаттуу билим» агенттигинин Директорунун атына жазуу формасындагы арызын Аккредитациялык Кеңештин жыйынында билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча маселе каралганга чейин жыйынды өткөрүүнүн пландаштырылган күнүнөн мурда эки жумадан кем эмес убакыттын ичинде белгиленген тартипте бериши керек.

Аккредитация боюнча Аккредитациялык Кеңештин чечими Агенттиктин буйругу түрүндө жол-жоболонот.

Аккредитацияланууучу билим берүү уюму Аккредитациялык Кеңеш тарабынан чечим кабыл алынганга чейин аны өткөрүүнүн кайсы этабында болбосун, аккредитацияны өткөрүү тууралуу арызын кайра артка алуу укугуна ээ болуп саналат.

Билим берүү уюмун аккредитациялоонун жыйынтыктары, өзүнө өзү баа берүүнүн материалдары жана эксперттик комиссиянын корутундусу «Сапаттуу билим» агенттигинин ырасмий веб-сайтына жарыяланат.

Аккредитациялоо тууралуу тастыктамага (ага карата тиркемелерге) Агенттиктин жетекчисинин колу коюлат ( ал жок болгон учурда, анын ордун алмаштырган адам кол

коёт) жана Агенттиктин мөөрү менен тастыкталат. Аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын тиркемелери бир нече барактан турса, алар көктөлүп берилет.

Аккредитациялоо боюнча тастыктаманын тиркемелери болбосо, тастыктама анык эмес болот.

Аккредитациялоо тууралуу тастыктама жоголуп кетсе же жарактан чыгып калса, билим берүү уюму тарабынан Агенттикке берилген арыз боюнча аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсү (дубликаты) берилет. Аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсүн берүү жөнүндө Агенттиктин чечими арыз каттоодон өткөндөн кийин 15 жумушчу күнүнөн ашпаган мөөнөттүн ичинде кабыл алынат. Аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсү бир нускада «көчүрмө» («дубликат») деген белгиси менен жасалат. Аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсүнүн копиясы уюмдун аккредитациялык делосунда сакталат.

Аккредитацияны өткөрүү жөнүндө арыз жана ага тиркелүүчү документтер, Агенттиктин аккредитациялоо тууралуу же аккредитацияга макулдук бербөө тууралуу, аккредитациялоо жөнүндө тастыктаманы жана тиркемелери бар аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсүн кайра жасоо тууралуу, ошондой эле аккредитациялоо тууралуу тастыктаманын көчүрмөсүн жана ага тиркелүүчү документтерди берүү жөнүндөгү Агенттиктин буйрутма актылары, текшерүү жүргүзүүгө байланыштуу болгон документтер уюмдун акрредитациялык ишин түзөт. Ал Агенттикте сакталат, ошондой эле зарыл болгон учурда электрондук жана кагаз түрүндө түздөн-түз берилет же ыйгарылгандыгы жана кошо салынган тизме тууралуу билдирүү менен почта аркылуу тапшырык түрүндө жөнөтүлөт.

Агенттик аккредитациялоо процедураларынын жыйынтыктары боюнча жасалган иштер жана кабыл алынган чечим тууралуу маалыматты Кеңешке жана билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарымдуу органга тийиштүү чечим кабыл алынгандан кийинки 10 жумушчу күнүнөн кесиктирбестен берет.

Кеңеш аккредитациялоону жүргүзүүгө укук алган аккредитациялык уюмдардын реестрин электрондук алып жүргүчтө жүргүзөт.

Аккредитация өткөрүүчү аккредитациялык уюм аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестрин электрондук алып жүргүчтө жүргүзөт, аларды өзүнүн сайттарына жайгаштырат, аларды квартал сайын бир жолудан кем эмес жаңыртып турат жана ар бир квартал сайын билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарымдуу органга кийинки отчеттук мезгилдеги айдын 15-күнүнө чейин берет.

Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестри кабыл алынган чечимдин датасы жана ыйгарылган каттоо номери көрсөтүлүү менен алфавиттик тартипте түзүлөт.

Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:

а) Агенттиктин аталышы;

б) аккредитация тууралуу тастыктама алган уюмдун толук аталышы, жайгашкан жери;

в) юридикалык жак катары уюмду мамлекеттик каттоосу тууралуу күбөлүк маалыматтар;

г) салык төлөөчүнүн – аккредитация тууралуу тастыктама алган уюмдун идентификациялык номери;

д) аккредитация тууралуу чечимдин кабыл алынган датасы;

е) аккредитация тууралуу тастыктаманын реквизиттери (малым-даректери);

ж) аккредитация тууралуу тастыктаманын иштөөсүнүн аяктоо мөөнөтү;

з) акредитацияланган билим берүү программаларынын тизими;

и) аккредитация тууралуу тастыктаманы кайра жасоонун негизи жана датасы;

к) аккредитация тууралуу тастыктаманын иштөөсүн токтотуунун негизи жана датасы.

Реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн Агенттиктин буйрутма документи негиз болуп эсептелинет

Аккредитацияланган билим берүү уюмунун жана программалардын реестри тууралуу маалымат Агенттиктин делосунда беш жыл сакталат жана андан ары белгиленген тартипте архивге өткөрүлүп берилет.